ЖҮРҮМ-ТУРУМ АДЕБИ





# АЙДАЙ

## Эмне үчүн сөз угушум керек




Avrasya Press

УДК 821.51-93
ББК 83.8
А 52





# АЙДАЙ

## Эмне үчүн сөз угушум керек?



Түзгөн: Нуршен Ширин
(Балдарды жана өспүрүмдөрдү тарбиялоочу атайын адис)
Сүрөтчү: Неше Инан
Которгон: Канышай Эргашева
Редактор: Гедик Рахат
Корректор: Жыпара Ибраимова
Дизайнер: Насыпбек Асанбаев

Бул китеп төмөнкү түп нусканын негизинде даярдалды:
Nurşen Şirin: Burcu
Timaş yayınları

Алтай /Түз. Н. Ширин; котор. К. Эргашева; Сүрөтчүсү Н. Инан, -Б.: 2103 - 32 б.
ISBN 978-9967-453-81-4

© Avrasya Press



ISBN 978 9967453814
9789967453814-4

АЛА-БУКА РАЙОНУН БКТ
БАЛДАР ...
Инв. №

Китеп ээси.........................................

Сүрөтү

А4803300100-13
ISBN 978-9967-453-81-4

УДК 821.51-93
ББК 83.8

Айдай - көп нерсеге кызыккан, суроолорду берип, аларга жооп алып, көп нерсени үйрөнгөн акылдуу кыз. Айдай кыз өзүнүн кызыктуу окуялары менен силердин көңүлүңөрдү ачып, көп нерселерди чечүүңөргө жол көрсөтөт...

«Эмне үчүн сөз үгүшүм керек?»деген китепти окугандар өздөрү үчүн эмнелерди ала алышат

- Ички сезимдерин коркпостон билдире алууну,
- Ал сезимдерди көзөмөлдөй билүүнү,
- Өзүн-өзү башкара алууну,
- Коомдук жашоонун кандай өтүп жаткандыгын талдап билүүнү,
- Башкалардын сезимдерин да байкай алууну,
- Өзү жана үй-бүлөсү жөнүндө көп нерселерди билүүнү,
- Башкалар менен болгон мамилесин жөнгө салууну,
- Өзүн кырсык жана коркунучтардан коргой алууну,
- Сөз байлыгын кеңейтүүнү,
- Көркөм чыгармаларды окуй алууну,
- Чыдамдуу болууну,
- Табиятты коргоодо жоопкерчиликтүү болууну,
- Кол өнөрчүлүк сапатына ээ болууну,
- Табият менен таттуу мамиледе болууну,
- Кыргыз тилин туура колдоно алууну,
- Уккандарын кененирээк түшүндүрө алууну,



ла-Букинск
ИНВ. №

Айдай бүгүн абдан толкунданып жатты. Атасы кызынын быйылкы окуу жылын ийгиликтүү аяктагандыгы үчүн белек катары аны жана үй-бүлөсүн чогуу эс алуу үчүн өзгөчө бир жерге алып бармак. Айдай канча күндөн бери каякка бараарына кызыгып, «Театрга барабызбы? Же парккабы? А балким кинотеатрга бараарбыз!» деп ойлонуп жатты.



Айдай жаңы эле төшөгүнөн турайын деп жатканда, Алтай бөлмөгө толкунданып чуркап кирип келди. Анын колунда бир баракча бар эле.

- **Айдааай!** Атам бизди кайсы жакка алып бараарын билдим! - деди кубанычтуу үн менен.

- Каякка? Абдан кызыгып жатам, - деди Айдай.





Айдай баракчаны көрүү үчүн төшөгүнөн ыргып турду, бирок Алтай баракты кармаган бойдон, башка бөлмөнү көздөй качты. Айдай артынан кубалап чуркап баратты. Айдай кууп жетип, баракчаны анын колунан жулуп алды.



Дароо карап туруп эле баракчанын бетиндеги сүрөттөн кайсы жакка барышаарын түшүнүүгө аракет кылды.

**- Оюнчуктар бар!... Бул, бул... демек бул - лунапарк!**

- деди сүйүнүп. Анан дароо апасынын жанына барды. Апасынын жанына жете келген Айдай:

- Лунапаркка барабызбы, апа? - деп сурады.

- Ооба, кулунум, силерди лунапаркка алып барабыз. Бирок бул сыр болчу, – деди апасы.

Алтай кулуп:

– Бул барак үстөлдүн үстүндө турган экен. Мен дароо түшүндүм, – деди.

**– Жакшы, анда даярдангыла, эртең мененки тамактан кийин чыгабыз,** – деди апасы.




Тамактанып бүткөн соң Айдай менен Алтай дароо даяр болушуп, эшиктин алдында ата-энесин күтө баштаашты. Экөө тең бир жерде тура албай:

- Урраaa! Лунапаркка барабыз, - деп сүйүнүп жатышты.

Атасы менен апасы балдарынын жоругуна аябай күлүштү.

- Лунапарк үйүбүзгө келген сыяктуу болду го...
- деди атасы жылмайып.




Кош
елиңиз

Тамактанып бүткөн соң Айдай менен Алтай дароо даяр болушуп, эшиктин алдында ата-энесин күтө башташты. Экөө тең бир жерде тура албай:

- Урраaa! Лунапаркка барабыз, - деп сүйүнүп жатышты.



Атасы менен апасы балдарынын жоругуна аябай күлүштү.

- Лунапарк үйүбүзгө келген сыяктуу болду го...
- деди атасы жылмайып.




Кош
елиңиз

Эшикке чыгардын алдында атасы балдарга карап:

– Балдарым, лунапарк абдан тополоң болот. Бири-бирибизден адашып кетишибиз мүмкүн. Андыктан бизден алыс кетпегиле, макулбу? - деп эскертти.

Балдар атасына **«макул»** дегенсип башын ийкешти.



Машинага түшөөр замат Айдай суроолорун жаадыра баштады:

– Атаке, ал жак аябай коозбу? Ал жакта жаныбарлар барбы? Каруселдердин баарына түшөбүзбү?..



- Кызым, шашылба, барганда көрөсүң. Бирок азыртадан айтып коёюн: ар бир каруселге түшүү үчүн жаш чектөөсү бар. Жашыңарга ылайык болгондоруна гана түшө аласыңар. Башкаларына чоңойгондо түшөсүңөр...- деди атасы.




Ошентип алар чыдамсыздык менен күткөн лунапаркка да келишти. Ичине кирип баратканда Айдай менен Алтайдын жүрөгү **«ДҮК- ДҮК»** деп согуп жатты. Оюнчуктарды көргөндө ого бетер толкунданып кетишти.

Кичине жакындаганда куйуп турган жазууну көрүштү. Ал жазууну түшүнө алышпай атасы менен апасынан анын эмне экенин сурашты.


**– Ал «Коркуу туннели» балдарым... Ага кириш үчүн жок дегенде он жашта болушуңар керек,** – деди атасы.

Алтай менен Айдайдын бир аз көңүлдөрү чөгө түштү. Каалаган жагына бара албаган абдан жаман нерсе да.



Андан соң
бир карусель
көрүштү. Атасы
ал каруселдин
экөөнүн жашына
ылайык
экендигин
айтаары
менен абдан
сүйүнүшүп, ага
каалашынча
түшүштү.





Ал каруселдеги аттар бир ылдый, бир өйдө болгон сайын абдан толкунданып жатышты. Карусель абдан кызыктуу эле!

Каруселден түшкөндөн кийин, атасы ал жерде отурган сатуучулардан, экөөнө пахта шекер алып берди. Пахта шекерди жеп жатып экөөнүн тең бети шире болуп калды.



Алтай:

**- Абдан күлкүлүү көрүнүп жатасың да,** - деди Айдайды карап.

Айдай:

**- Сен биринчи өзүңдү күзгүдөн карачы,** - деди.

Экөө тең кыткылыктап күлүп калышты.




АЛА-БУКА РАЙОНУН БКТ
БАЛДАР
Инв. №
Ала-Букинск
ЦБС Ошской с.
Инв. №



Андан кийин өздөрү айдай алган оюнчук машинага түшүштү. Алтай машинаны **«ВАНН ВААН...»** деп берилип айдап жүрдү. Ошентип алар аябагандай көңүл ачышты. Атасынан суранып дагы бир жолу айдашты.



Машинадан түшкөн соң балдар учакка, поъездке, алма куртуна, жана башка ар түрдүү каруселдерге түшүштү. Баардык каруселдер бири-биринен өтүп аябай кызыктуу эле.





**– Бул жер мага абдан жакты,** – деди Айдай.

Алтай аны коштоп:

**– Мага да жакты! Бул жерге тез-тез келип турсак ээ...,** – деди.

Ошентип сүйлөшүп жатып экөө «Коркуу туннелин» кайрадан көрүп калышты. Ага абдан кызыгышты.

**– Бир көрүп чыксак эмне болмок эле,** – деп шыбырады Айдай.

**– Биз анчалык деле кичинекей эмеспиз да ээ,** – деди Алтай.



Ал убакта алардын ата-энеси чыгырык түшүрүүгө аракеттенип, жаш балдардай болуп, бири-бири менен жарышып жатышкан эле.



Бул учурду текке кетирбей Алтай:

**– Жүрү, алар ойноп жатышканда карап келе калабыз,** – деди Айдайга.

Ошентип экөө «Коркуу туннелин» көздөй жөнөштү.



«Коркуу туннелине» жакындаганда ичинен чыккан айкырыктар угулду. Айдай менен Алтай бири-бирин карап калышты. «Ичи чындап эле абдан коркунучтуу окшойт...» деген ой экөөнүн тең сезимин ээлей түштү.




– Жүрү артка кайтальычы, Айдай. Бул жер чынында эле бизге ылайык эмес экен, – деди Алтай.

Айдай:

– Жүрү, мен да ошону ойлодум!... – дешип эки бир тууган чуркаган бойдон артка кайтышты.

Алар чуркап ата-энеси турган жерге келишти, бирок алар ал жерде жок эле. Айдай коркуп кетип Алтайдын колун кармады да:

- **Алтай, апамдар жок го!** - деди ыйламсырап.



Эки бир тууган эки жагын караштты. Бирок ата-энеси эч жерде көрүнгөн жок.    Айдай:

– Атам: «**Бири-бирибизден алыстабайлы**»    деген болчу го. Аларды таба албасак эмне кылабыз? – деп ыйлай баштады.

Алтай да кайгырып :

**– Атамдын сөзүн укканыбызда го...,** – деди.





Ошол учурда бир киши экөөнү тең кармап алып, өйдө көтөрдү! Айдай менен Алтай:

«жардамгааа!» – деп кыйкыра башташты.

– Бул мен, балдар коркпогула, – деди ал киши.



Экөө тең дароо башын өйдө көтөрүп карашса, кимди көрүштү дебейсиңби! Ал атасы эле! Атасы аларды жерге түшүрөөр замат Айдай менен Алтай атасын катуу кучактап калышты.

Айдай:

– Атаке, апам экөөңөрдү таппай калып абдан корктук, – деди.

Алтай дагы:

– Ооба, абдан корктук, мындан ары ар дайым сөзүңүздү угуп жүрөбүз, – деп кошумчалады. Атасы кабагын бүркөп:

– Сөз бересиңерби? – деди.

– **Ооба, сөз беребиз,** – деп жооп беришти экөө тең жарыша.



Апасы:

– Силердин бизден алыстаганыңарды көрдүк, балдарым. Анан силерди аңдып турдук. Бирок биз ар дайым эле көрүп тура албайбыз да, бири-бирибизден чынында эле адашып кетишибиз мүмкүн эле, – деди. Айдай менен Алтай бир терең дем алышып, жеңилдеп калышты. Атасы күлүп:

– «Коркуу туннелине» киргендей эле корктуңар окшойт ээ? – деди. Баары атасынын айтканына күлүп калышты.






**– Ушунчалык корктуңар, келгиле эми азыр бир аз күлөлү,** – деди атасы. Эки бир тууган кызыгып атасынын артынан келе жатышты. Атасы басып келип эле бир күзгүнүн алдында туруп калды. Күзгү аны жиптей арык кылып көрсөтүп жатты. Андан соң Айдай, Алтай, апасы дагы ар түрдүү күзгүлөргө көрүнүштү.

Күзгүлөрдүн кээ бири узун, кээ бири кыска, кээ бири болсо семиз кылып көрсөтүп жатты. Ошентип абдан күлүшүп, лунапаркта көңүлдүү ойношту. Айдай ата-энесин кучактап:

- **Силердей ата-энем болгонуна кубанамын, силерди абдан жакшы көрөмүн!** - деди.



Атасы да, апасы да Айдайдын айткан сөздөрүнө абдан кубанышты.





Достор! Силер бул аңгемени окуп чыктыңар, эми бир аз эс алгыңар келеби? Келгиле анда эс алуу менен бирге фольгадан күзгү жасаганды үйрөнөлү!



## Бизге керектелүүчү буюмдар:

- Түстүү топчулар
- мончоктор
- калың картон
- фольга
- клей жана кайчы

Кезек эми күзгү жасоого келди:



1. Алгач картондун үстүнө гүл тартабыз.



2. Андан кийин тартылган гүлдү чекесинен абайлап кесели.

3. Кесилген гүлдүн ортосун да тегерек кылып кесип алалы (бул жерде ата же апаңардан жардам алсаңар болот).




4. Эми бизге дагы бир гүл керек. Ал үчүн кыркып алган гүлдү картондун үстүнө коюп, аны менен бирдей кылып сызып, аны да кыркып алалы (бирок бул жолу гүлдүн ортосу кыркылбай, ошол бойдон калат).



5. Фольгабызды төрт бурчтуу кылып кыркып алып, ортосу кыркылбаган гүлүбүздүн үстүнө жабыштырабыз. Экинчи кескен гүлдү учтарын теңеп, берки гүлгө жабыштырабыз.

6. Акырында картондун үстүнө сүрөттөгүдөй кылып топчуларды жана мончокторду жабыштырабыз. Мына, күзгүбүз да даяр болду... Кандай гана кооз болду ээ?





# АЙДАЙ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨСҮ




Колуңуздагы жыйнактарда кичинекей бөбөктөрүбүз күнүмдүк жашоосунда кездеше турган кыйынчылыктардан туура жол таап чыгып кетишине үлгү болорлук көптөгөн окуялар айтылат.


Айрыкча, китептердеги сүрөттөр кичинекей балдарды да өзүнө тартуусу менен бирге, жазуулардын аз жана кооз болушу алардын кызыгуусун ого бетер арттырат деп ишенебиз.

Ал эми Айдайдын элестүү чагылдырылган окуялары биздин мектеп жашына чейинки бөбөктөрүбүздүн сезимтал, таза жана бир нерсени тез кабыл алган жан дүйнөсүнөн жай таап, жүрүм-турумунун жакшы болушуна аз да болсо өз салымын кошот деген тилектебиз.

Колуңуздардагы жыйнакты балдардын жаркын келечеги үчүн жан үрөп эмгек кылган ата-энелерге жана окутуучу-тарбиячыларга сунуштайбыз.

**«Avrasya Press» сунуштайт**

5 жаштан өйдө
















avrasya Press

ISBN 978 9967453814
9789967453814-4
www.avrasyapress.com